КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

ЖЫРГАЛАҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ЖЫРГАЛАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

11.01.2023 № 25 Жыргалан айылы

**Жыргалаң айыл аймагынын айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXIII - кезексиз сессиясы**

**Токтом**

**Жыргалаң айыл аймагынын жергиликтүү жамааттарынын типтүү уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын " Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына шайкеш келтирүүгө жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Мамлекеттик агентигинин 2022-жылдын 12-декабрындагы № 279 "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү жамааттарынын типтүү уставын бекитүү жөнүндө" Буйругун аткаруу, ошондой эле жергиликтүү жамааттарга усулдук жардам көрсөтүү, алардын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздерин бекемдөө максатында Жыргалаң айыл аймагынын айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XXIII - кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Жыргалаң айыл аймагынын Жергиликтүү жамааттарынын типтүү уставы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жыргалаң айыл аймагынын айыл өкмөтүнө (Т.А. Мукалаев):

- Жыргалаң айыл аймагынын Жергиликтүү жамааттарынын типтүү уставын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Мамлекеттик агентигинин сайтына жайгаштырсын жана Ысык-Көл облусунун юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүүгө аракет кылсын;

- Жергиликтүү жамааттардын жаңы кабыл алынган уставдын турмушка ашырылышына көзөмөл жүргүзсүн жана аткарылган иштер боюнча маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

иштери боюнча Мамлекеттик агентигине 2023-жылдын 1-майына карата берсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгынын коргоо, архитектура, курулуш,транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына (Кудабаев Э.К.) жана айыл өкмөтүнүн башчысына (Т.А. Мукалаев) жүктөлсүн.

**Төрайым** **К.С. Букаева**

**Жиберилди:** иш кагаздарга-1, айыл өкмөтүнө-1, туруктуу комиссиясына –1, Ысык-Көл облустук юстиция башкармалыгына-1, “Ак- Суу баяны” гезитине-1.